***Шабданова Г.,***
*К.Карасаев атн. БГУ*

# УЛАНТУУЧУ ТОПТОРДО КӨРКӨМ ТЕКСТТЕРДИ ОКУТУУ

## *( Ч. Айтматовдун «Жамийла» повестти боюнча)*

Тилди тил менен гана үйрөтпөстөн, ал үчүн тексттер, биринчи кезекте, адабий көркөм тексттер керек болоору талашсыз. Тилди окутуунун коммуникативдик нукка багытталышы тил бирдиктерин өзүнчө бөлүп окутпастан,тилди текст түзүүчү, текст түзүүгө түздөн – түз катышуучу ойдун берилишине жана калыптанышына кызмат кылуучу каражаттар катары окутуу талабын коюуда.

Демек тилди окутуунун негизги мазмунун гарм-матикалык теориялык маалыматтар түзбөстөн,дидактикалык материалдар, (тексттер) жана жандуу реалдуу сүйлөшүү, пикир алышуу процесси, аны талдоо, жакшыртуу аракеттери түзүүсү зарыл деген тыянак келип чыгат. Студенттин сүйлөө чеберчилигин өркүндөтүү анын текст жөнүндөгү түшүнүгү, текстти талдай алуусу, өз алдынча көркөм тексттин негизинде текст түзүү жөндөм – шыгы менен, белгилүү бир кептик көндүмдөрдүн иштелип чыгышы менен байланышта. Тактап айтканда, кыргыз тилин окутуунун мазмунун аныктоодо дидактикалык материалдарга, кызыктуу информацияларга бай тексттерге өзгөчө маани берилиши да ушул жагдай менен түшүндүрүлөт.

Бул жагынан алганда тилдин болгон мүмкүнчүлүгү, ийкемдүүлүгү, касиети, кудурет – күчү, таасирдүүлүгү, кооздугу ыйыктыгы, образдуулугу, экспрессивдүүлүгү ж.б. сапаттары көркөм чыгармада (көркөм текстте) гана толук ачылат. Кыскасы, көркөм адабият тилди өзүнүн курулуш материалы катары колдонуу менен бирге эле, тилдин мүмкүнчүлүктөрүн, кудурет жөндөмүн ачат, аны өркүндөтөт, өстүрөт. Тилди көркөм колдонуунун классикалык үлгүлөрүн берет. Кыргыз тилин окутууда көркөм адабияттын мындай улуу табылгалары, баалуулуктары, сөзсүз, адабияттын, көркөм тексттин мисалында үйрөтүлүшү талашсыз. Тилдин көркөм чыгармадагы колдонулушун, көркөм сөз каражаттарынын, сөздүн тике, өтмө, кыйыр, каймана, маанилерин, көркөм тексттеги тигил же бул сөздүн, ойдун контексттик, подтексттик маанилерин, көркөм тексттерде колдонулган тигил же бул сөздүн, сөздү түзгөн конкреттүү тыбыштардын көркөм текстте аткарган кызматын иликтешет, тыянак чыгарышат.

Башкача айтканда, көркөм чыгарма, көркөм текст кыргыз тил сабактарында тилдин ички структуралык түзүлүшүн үйрөтүүнүн алкагынан чыгып, улуттун, жалпы адамзаттын рухий улуу дөөлөттөрүн өздөштүрүүнүн , сиңирүүнүн булагына айланышы зарылдык деп эсептейбиз. Көркөм чыгарма, анын мыкты тексттерин кыргыз тили сабагында колдонуу, окуп – үйрөнүү тилди өздөштүрүүнүн бирден-бир милдети катары көтөрүлүүгө тийиш деп ойлойбуз.

Кыргыз тили боюнча ар бир өтүлгөн сабак – бул ой жүгүртүүнүн, таанып – билүүнүн жана тарбия алуунун сабагы. Аталган максатка жетүүнүн негизги каражаттарынын бири катары элдик оозеки чыгармалар эң сонун кызмат кыла алары талашсыз. Бул кыргыз тилин окутуу прцессинде көңүл борборунда болушу кажет. Ошондой эле көркөм чыгарма адамдын жан дүйнөсүн калыптандырат. Сүрөттөлөр өтмө маанидеги сөздөр, көркөм каражаттар, образдуулуктун элементтери көп кездешет. Көркөм чыгарма алдын ала даярдалат. Логикалуу образдуу болот да, сөздөрдүн стилдик боёктору образ түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Мында улуттук тилдин биримдиги сакталат. Маселен, Ч. Айтматовдун «Жамийла» повестинен үзүндү алып карасак, андагы сөздөр контекстке жараша өзүнчө стилдик боёкчолорго ээ. Ошондуктан аталган көркөм чыгармадан төмөнкүдөй подтексттерди мисал катары алсак болот.

«Айыл арасындагы жигиттер, өзгөчө фронттон кайтып келгендер Жамийлага кызыгып тийишип жүргөндөрүн алда нече байкагам. Тамашаны жакшы көргөн жеңем алар менен тамашалаша берчү, бирок колу шоктордy жанына жолотчу эмес. Ошондой болсо да мен өтө ичи тар элем, жеңемди кызганып, берки тийишип жаткан «бузуктарга» сый көрсөтөйүн дегендей: «Байкагыла, мында мен, кайниси турам! Коруп алар эч кимиси жоктой көп эле сугалактай бербегиле!» - дегенчелик кылып, алардын сөзүн бөлүп, эпсиз какшыктап, эң акыркы сүзөнөөк теке – улакчасынан кыйшайып кабактын астынан үлүрөйө тиктейм.

« Ой, алдагы «жаман» кантет, жеңе ушунуку беле? – деп жигиттер күлгөндө, кудай билет, кызарып-татарганым аз келгенсип, көзүмө жаш имериле түшөт окшойт. Ал мени түшүнгөн жеңем, кубанычтуу күлкүсүн тыя албай суз жылмайып: « Ишиңер болбосун, жеңе деген жерде жатыптырбы? Жүр кеттик кайним! – деп тигилерди ого бетер кызыктырып, «бураң этип» башын өйдө чулгуп, мени менен кошо басып бара жатып. Өзүнчө ыраазы болгондой да, унчукпай күлүмсүрөйт. Ушул мисалдагы “сугалактай бербегиле” деген туюнтмада контекстке байланышкан төмөнкүдөй боёктор бар. Алар – кызгануу,- Жамийланы балалык тунук сезим менен жакшы көрүп, башкаларга ыраа көрбөө. Жамийлага тийишкен адамдарга карата жек көрүүчүлүк, кыжыры кайнагандык, тыюу салуучулук жана башка ушул сыяктуулар аркылуу Жамийланын жана Сейиттин образы түзүлүп калыптанган.

Ошондой эле автор каармандарынын мүнөзүн кылдат байкап, алардын жүрөгүндөгү дилгирленүү сезимдерин өзүнүн мээримдүү жүрөгү менен уга билет.

Мисалга, Жамийланын сүйүү сезими ойгоно баштаган мезгилди алып көрөлү: «Баягы тамашакөй шайыр келин эмне үчүндүр жоошуй түшүп, анын мурда ойноктогон өткүр көздөрү эми ичтен муңдана, тумандуу жазгы күн сыяктуу жылуу мээримге толуп, назик тиктейт. Даниярга болсо, ал эмне үчүндүр жолобой көзүнө тик кароодон качып, сырттап жүрдү.

Жамийла ага мурункудай эле назар салбагансып, тоотпой кайра ага түтпөй; акыры бир жолу кырманда айласы куругандай, Даниярга кыжырлана сүйлөдү:

- «Алдагы көйнөгүңдү чечсең боло! Берчи жууп берейин. Көйнөктү суугa алып барып жууду да, саманга жайып койуп, өзү жанына олтуруп, көйнөктү жазган өңдүү, аны көпкө дейре алаканы менен акырын сылап олтурду. Кээде ал көйнөктүн тосулган ийиндерин күнгө салып, муңдана тиктеп, эмнегедир кейигенсип башын чайкап жатты.»

Ушинтип автор Жамийланын психологиялык өзгөрүүсүн кичине эле үзүндүдөгү карапайым тил аркылуу стилдик боёк-чолор менен туюндуруп берди. Мисалдагы Жамийланын «жоошуй түшүп, ичтен муңдана, тумандуу жагы күн сыяктуу, жылуу мээримге толуп, назик тиктегени» деген туюнтмада автор аталган каармандын сырткы туртпатын элдик бай салыштырууну катыштырып, образдуу, көркөм, таамай кылып сүрөттөө аркылуу ички ой дүрбөлөңүн чагылдырып берген.

Даниярдын Жамийлага болгон сүйүүсү да өзүнчө бир ажайып эпизоддор менен сүрөттөлөт.

Мисалы: «Данияр жаныбызда жүрсө Жамийла аны кишиби же көлөкөбү, дебей такыр эле көзүнө да илген жок, сүйлөшсө мени менен сүйлөшүп, бизден калышпай, нары-бери кыр көрсөткөндөй чечкиндүүлүгүнөн Данияр апкаарый түшкөндөй болду. Чекесин тырчыктырып, ал аны жактырбагандай, таң калгандай да, түктүйө карап, сыртын салды. Тиги анысын байкаган да жок болгондо, Данияр тараза үстүнөн каптардын бирин кучактап алып, унчукпай арабасына көтөрүп таштаганда, Жамийла аны жемелей кетти.

- Ал эмнеси экен? Ар ким эле өзүнчө далбастай береби! Келе колуңду колдошконду кудай колдойт. Ай кичине бала, чык арабага каптарды жаткыр. Жамийла Даниярдын колун өзү эле шак кармап, экөө колдошуп кап көтөргөндө, Данияр уялганынан кара-көк болуп кызарып кетти.

Анан алар улам каптарды колдошо көтөрүп басканда, бекем кармашкан колдору чыңалышып, кап үстүнөн арта салынып,Жамийлага эңкее берген Данияр өз алдынан эле оңтойсузданып,үтүрөйүп, аны карабаска аракеттенип жатты.»

Маселен, бул эпизоддо Жамийланын Даниярды «көзгө илбегенде» - тоотпочулук, капарына албагандык, маани бербегендик жана кыр көрсөтүүчүлүк бар эле. Даниярдын Жамийланын өткүр, курч, эркин мүнөзүн сезип, апкаарышында, «кара-көк болуп кызарышында» сүрдөө, кысылуу, кызыгуу, тартынуу, уялуу сыяктуу бир нече стилдик боектор камтылып аткан. Ал эми Жамийланын Даниярды жемелей кетишинде нааразылык, алымсынбоочулук эмес, сыр алдырбоо, сыноо өзүнүн эркиндигин баса белгилөө, шайырлануу маанилери бар.

Данияр менен Жамийланын сүйүүсүнүн өрчүгөнүн автор табияттын көркү менен сүрөттөп, Даниярдын обонунун күчүн күчөтүүгө көмөктөшүп олтурат. Мисал келтирелик, «Ал күнү биз адаттагыдай станциядан чыгып, айылга кайтып бара жаткан элек. Асманда жылдыздар төгүлүп, түн кирип калган кез. Айлана жымырап тынч, болгондо да Даниярдын обону гана өзөндүн үстүнөн созолонуп, алыска жайылып жатты. Жамийла экөөбүз анын артынан ээрчип келе жаттык. Бул жолу эмне үчүндүр Даниярдын обону бөтөнчө бир назик күйүт менен жалгыздыктын арманына толуп, адамдын жүрөгүн эреркитип, муңканты. Көзүмө өз алдынан эле ысык жаш чайылып, тамагым жашка буулду. Жамийла бул жолу колун Даниярга сунуп жакындай барды да, ошол бойдон арабаны карманып, башын эңкейте, ээрчип келе берди. Анан бир убакта, Даниярдын үнү акырын басаңдап келип кайра бийик көкөлөп, түнкү талаага мукамдуу илебин төккөндө, Жамийла башын көтөрдү да, басып бара жатып, арабага ыргып минди. Эми эмне болот дегендей туюк ой менен жолдун четине ылдамдап, мен алардан көз алган жокмун. Жамийла анын жанына олтурганын Данияр билген жок окшойт ага караган да жок, ырдаганын токтотпой уланта берди.

Бир аздан соң Жамийланын колдору акырын жазылып, ал Даниярга бой салып, сүйүнө калды да, башын секин гана анын ийнине койду. Даниярдын үнү мүдүрүлө түшкөнсүп үзүлүп, кайра жаңыдан шаңшып күч алды.Бул обон башкаларга окшобогон ашыктыктын, махабаттын жаңы обону болду.»

Мында автор жогорку мисалдардагы табияттын көрүнүшү менен махабатка ширелишкен эки жаштын келбетин айкалыштырып, көркөмдөп, элестүү кылып бере алды.

Асманда «жылдыздар төгүлүп» деген сөздө салыштыруу, элестүүлүк бар. Бул келтирилген мисалдарда стилдик боёкчолор табияттын көрүнүшүн образдуу кылып берүүдө чоң роль ойноду. Терең сүйүүгө баткан Даниярдын обонундагы «бөтөнчө бир күйүт менен жалгыздыктын арманына толуп» деген туюнтмада төмөнкүдөй көркөм стилдик боёкчолор кездешет. Жамийлага болгон ашып-ташкан махабат, арман, күйүт, кусалык, жалгыздык ж.б.

Ч.Айтматовдун чыгармаларында жаңычылдыктын көптүгү, образдарды түзүү принциби, өзгөчөлүгү, башкаларга окшобогон кайталангыстыгы, чыгармаларында мурунку адат болуп келген традициядан четтеп өзгөчөлөнүп турушу окурманды өзүнө тартып турат.

Ошентип, төмөнкүдөй көркөм тексттерди окутуу менен биз тилдин тазалыгына, тууралыгына, логикалуулугуна, байлыгына, көрктүүлүгүнө көңүл бурабыз.

Тактап айтканда студенттер көркөм тексттер аркылуу өздөрүнүн сүйлөшүү речине керектүү сөз каражаттарын эркин колдоно алышат. Көркөм тексттерди колдонуу менен студенттердин сөз байлыгын арттырып, алардын эркин ой жүгүртө алуусуна көмөктөшө алабыз деген ойдобуз. Демек, тил үйрөнүп жаткан адам жетиштүү деңгээлде зарыл болгон лексиканы билбесе, сүйлөшүүдө, текст түзүүдө кыйналаары белгилүү.

Жыйынтыктап айтканда, студенттерге грамматика менен бирге лексиканы, көркөм тексттерди мүмкүн болушунча тематикалык негизде көбүрөөк берүү мыйзам ченемдүү көрүнүш экендиги талашсыз. Бул учурда студент жаңы лексикаларды өздөштүрүү аркылуу сүйлөшүүгө, ой жүгүртүүгө, жазууга, окууга, көркөм тест түзүүгө жетише алышат деген ойдобуз.

***Адабияттар***

1. Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана рактикалык маселелери. - Б., 2003.

2. Маразыков Т. Кыргыз тилинде текстти интеграциялоочу лингвистикалык каражаттар. - Б., 2005.

3. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. - Б., 2009.